**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ЧҮЙ РАЙОНУ**
**КЕГЕТИ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЧУЙСКИЙ РАЙОН**
**КЕГЕТИНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

с.Кегети

Кегети айылы

Кегети айылдык кенештин XXVII чакырылган
кезектеги XXXXVIII отуруму

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2021-жыл 11-январь № 15

Советское айылынын тургунда-
рынын кайрылуусу жөнүндө

Кегети айылдык кенештин төрагасы А.С.Абдрахманов Советское айылынын тургундарынан түшкөн кайрылуу менен тааныштырды. Ал кайрылууда Кегети асыл тукум совхозунда көп жылдар бою үзүрлүү эмгектенген агроном Алдажанов Жыргал атанын ысымын Восточная көчөсүнө берүүнү суранышкан. Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын 25-сентябрындагы № 67 мыйзамынын 7-беренесине ылайык депутаттар угуп, талкуулап

Кегети айылдык кенеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Советское айылындагы Восточная көчөсүнө **“Жыргал”** атанын ысымы ыйгарылсын.
2. Советское айылындагы Восточная көчөсү **“Жыргал”** көчөсү болуп аталгандыгына байланыштуу КРӨ караштуу жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттиги “Кадастр” мамлекеттик мекемесинин Токмок-Чүй филиалынан, Чүй РЭСинен тийиштүү иш кагаздарын бүтүрүү жана турак жайларды каттоо убагында үйдүн катар номерлери өзгөргөн учурда такталарды жаңыртып алмаштыруу, көчөнүн тазалыгын, жарыктарын жана таш төгүп иретке келтирүү жагы балдарына жана туугандарына милдеттендирилсин.
3. Көзөмөлгө алуу жагы айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

Төрага А.С.Абдрахманов